*Эргешали кызы Актилек, Эргешали кызы Айчүрөк*

# ОКУУЧУЛАРДЫН УЛУТТУК АҢ-СЕЗИМИН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Эргешали кызы Актилек, Эргешали кызы Айчүрок*

# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ФОРМИРОВАНИЯ НАЦИОНАЛЬНОГО САМОСОЗНАНИЯ УЧЕНИКОВ

*Ergeshali kyzy Aktilek, Ergeshali kyzy Aichurok*

# SOME QUESTIONS OF FORMATION OF NATIONAL CONSCIOUSNESS OF PUPILS

*УДК: 371/75.025-64*

*Бул макалада окуучулардын улуттук аң-сезимин өнүктүрүүнүн жолдору, аларда улуттук жана руханий баалуулуктарды сүйүү, урматоо алар менен сыймыктануу сезимдерин калыптандыруунун кээ бир өзгөчөлүктөрү камтылган.*

***Негизги сөздөр:*** *аң-сезим, улуттук аң-сезим, рухий маданияттуулук, улуттук баалуулуктар, руханий баалуулуктар, коомдук аң-сезим, нравалуулук.*

*В этой статье рассмотрены способы развития национального самосознания учеников, также некоторые особенности формирования чувств гордости, любви и уважения к национальным и духовным ценностями своего народа.*

***Ключевые слова:*** *самосознание, национальное самосознание, духовная культура, национальные ценности, духовные ценности, социальное самосознание, нравственность.*

*In this article ways of development of national consciousness of the pupils, also some features of formation of feelings of pride, love and respect to national and spiritual values of the nation.*

***Key words:*** *consciousness, national consciousness, spiritual culture, national values, spiritual values, social consciousness, morality.*

Өсүп келе жаткан жаш муундардын улуттук аң-сезимин калыптандырууда гуманитардык сабактардын таасирин изилдөө иштери азыркы күнгө чейин коомдун талабына ылайык жетишээрлик деңгээлде изилденип-иликтенип бүтө элек. Бул багытта жүргүзүлгөн илимий-изилдөө иштери коомдун өсүп өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөр, жаңылануулар адамдардагы улуттук жана руханий баалуулуктарды таанып билүү жөндөмдүүлүктөрү төмөн деңгээлде экендигин көрсөттү.

Кыргыздын көрүнүктүү этнопедагог-окумуштуусу А. Алимбеков “Кыргыз этнопедагогикасы” – деген китебинде “Асыресе, ар кандай элдик мурастын бедел-кадыры, ички рухий жаратман потенциалы элдин мүдөөсүнө төп келген демократиялык коомдо гана бааланарын турмуш көрсөттү. Алсак, улутубуздун рухунун учугу, таалим-тарбия ишинде айланган, “алтын казыгы” анын элдик педагогикасы экендигин, анын сыр түйүнүн аңдап, жакшы билбей туруп, улуттун рухий өнүгүшү мүмкүн эместигин азыркы демократиялык шарттарда гана ачык аңдап-түшүнө баштадык. Ушундан улам азыркы коомдук аң сезимде “элдик чыгармачылык”, “элдик акылмандык”, “элдик педагогика” сыяктуу элдин энчисине таандык рухий байлыктар ары баалуу, ары ыйык түшүнүктөр катары кабылданууда.” – деп жазган [1].

Андыктан, жаңыдан өсүп келе жаткан жаш муундарда улуттук аң-сезимдүүлүккө, улуттук баалуулукттарга болгон кызыгууларын жогорулатуу, таанып билүүлөрүн өркүндөтүү орчундуу маселелердин катарында турат. Бул маселени ишке ашырууда гуманитардык илимдердин мааниси чоң. Адам баласынынын эң негизги улуттук баалуулуктары, анын ичинен улуттук аң-сезимдүүлүк да атайын таалим-тарбия аркылуу пайда болот.

Эгерде, аң-сезимдүүлүктү психикалык феномен катары алып карасак, адам баласы төрөлгөндөн тартып эле өзүн “мен” катары таанып биле бербейт. Бул түшүнүк адамда убакыттын өтүшү менен социалдык чөйрөдө коомдук өнүгүүнүн таасири менен калыптанат. Андыктан, адам өзүнө өзү баа бере алуусу, өзүн ишмердүүлүктүн субъекти катары кароосу, тагыраак айтканда, адам баласы аң-сезиминде мен образынын чагылышын аңдап билүүсү курчап турган чөйрөдөгү ар түрдүү кубулуштарга, таасирлерге, социалдык-маданий шарттарга карата аныкталаары аң-сезимдүүлүктүн калыптануусун аныктоочу факторлордун бири катары каралат. Демек, улуттук аң-сезимдүүлүк индивиддин деңгээлинде гана жүрбөстөн, жеке инсандын жана аң-сезимдин жалпы масштабдуу формасында да жүрөт. Мисалга алсак: тилде, элдик чыгармаларда, кесиптик чеберчиликтерде, илимий адабияттарда, укук жана жүрүм-турумдун нормаларында ж.б.

Азыркы учурда улуттук аң-сезимдүүлүктүн өзгөчөлүктөрү атайын изилдөөлөрдүн предмети катары каралууда.

Улуттук аң-сезим – бул ар кандай географиялык жана социалдык чөйрөдө жашаган улуттун социалдык, саясий, экономикалык, нравалык, эстетикалык, этикалык, философиялык, диний көз караштарынын жыйындысы жана рухий деңгээли экендиги белгилүү [2]. Демек, улуттук аң сезим – элдердин руханий жактан бирдиктүүлүгү гана эмес, улуттук өнүгүүнүн эң маанилүү фактору, жалпылап айтканда, демократиялык коомдук түзүлүштүн ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет. Улуттук аң-сезим – коомдук тажрыйба менен бирге элдин эс тутум, улуттук мамилелешүү тажрыйбаларынын ачык айрым аныкталышынын негизинде өздүк аң-сезимдин бир компоненти катарында калыптанат.

Ар бир жаран өзүн өз улутуна таандык экендигин аңдап билүүсү жекече улуттук аң- сезимдин башкы өзөгү болуп жана анын негизинде гана

улуттук баалуулуктарга маани берүү менен улуттук аң-сезимди башка көз караштарга тартылуусу башталат. Улуттук аң- сезим улуттук маданияттын кээ бир элементтеринин өнүгүп өсүүсүнө, кайра жаралуусуна көмөк көрсөтө алат.

Элдердин маданий баалуулуктарын, адамзаттын жетишкендиктеринин жалпыланган өнүтүн андап билүү – азыркы замандын элдеринин аң-сезимдүүлүгүн аныктоого жардам берет. Э. Геллнер өз сөзүндө "Эки адамдын бир улутка таандык экендиги алардын жүрүм-турумунун, баарлашуу жолдорунун шартталган белгилерин, байланыштарын, ой жүгүртүүлөрүн бириктирген бир маданият болгон учурда гана билинет" – деп айткан [4].

Коомдук жашоодо улуттук аң-сезимдин өсүп-өнүгүүсү – бул маданий классикалык мурастарды таанып билүүгө болгон кызыгуулар рухий маданияттуулук чөйрөсүндө жаңы көрүнүш катарында иштелип чыгып, улуттук, нравалык баалуулуктардын өсүп-өнүгүүсүнө шарт түзөт. Демек, улуттук аң-сезимдин өсүп-өнүгүүсү коомдук аң-сезимдүүлүктүн системасынын түзүлүшү катарында татаал, узакка созулган, карама-каршы багыттагы процесс.

Улуттук аң-сезимдүүлүк башка улуттар менен болгон мамилелешүүдө ачык айкын көрүнөт. Эки башка этникалык коомдун өкүлдөрүнүн кызматташууларынын натыйжасында алардын ортосундагы өз ара мамилелеринде кезигүүчү улуттук өзгөчөлүктөрүнө болгон чыдамдуулуктары оң багытта ишке ашат.

Азыркы учурдагы ааламдашуу процессинде окуучуларда улуттук аң-сезимди, көз караштты калыптандырууда, улуттук дөөлөттөрдү, рухий баалуулуктарды, гуманитардык сабактардын мүмкүнчүлүктөрүн окуу процессинде колдонуу окуучуларда улуттук аң сезимди калыптандыруудагы эң башкы багыттардын бири болуп саналат.

Улуттук аң сезимдин негиздери башталгыч мектеп куракта эле түптөлүп калыптана баштайт, анткени башталгыч мектеп курагындагы окуучулар улуттук баалуулуктарды өздөштүрүүгө көбүрөөк жөндөмдүү келишет. Алгач окуучуларда негизги моралдык баалуулуктар, жүрүм-турум нормалары, өзүн-өзү личность катары таанып билүүсү, өзүн коомдун бир мүчөсү же бөлүгү катары таанып билүүсү жана өз мекенинин жараны экендигин таанып билүүлөрү калыптанып, түптөлө баштайт.

Андан кийин гана башталгыч класстын окуучуларында мекенге болгон сүйүү, улутчулдук сезимдер өзүн курчап турган чөйрөнү, кыргыз элинин тарыхын, улуттук каада салт-санааларын, эмгектенүүсүн, жашоосун таанып билүүлөрүнө жараша акырындык менен калыптанат.

Окуучуларда улуттук аң-сезимдүүлүктү калыптандыруу – бул өз үйүнө, мектебине, шаарына карата сый урмат, ошондой эле аларда жарандык көз караштты, өз мекенинин тагдырына жоопкерчиликтүү мамиле жасоону, өзүнүн улуттук баалуулуктарын сүйүүнү жана баалай билүүнү, алар менен сыймыктануу сезимдерин өнүктүрүү болуп эсептелет. Ошондой эле, окуучуларда улуттук аң-сезимдүүлүктү калыптандырууда тарыхый инсандарга, алардын ишмердүүлүктөрүнө көңүл буруу да маанилүү.

Окуучулардын мекенге, өз улутуна болгон сүйүүсү ачык эмоционалдык түрдө мүнөздөлөт. Ал жомоктор, кыял, элестөөлөр, чыгармачылыктар аркылуу ачылуучу процесс. Окуучуларда улуттук баалуулуктарга болгон мындай сезимдерди жана мамилелерди жагымдуу социалдык-саясий жагдайларда, улуттук маселелерди чечүүдө цивилизациялуулуктун принциптери сакталган демократиялык жана жарандык мамлекетте өстүрүп, өнүктүрүп, ишке ашыруу натыйжалуу болоору анык.

М. С. Джунусовдун пикири боюнча улут өзүнүн бардык түзүлүшүндө этникалык территориясы, тили, маданияты, каада-салты, үрп-адаттары менен инсанды өнүктүрүүчү коомдук чөйрөнүн бир компоненти катарында чагылдырылат [7].

Демек, окуучуларды улуттук багытта рухий-нравалуулук баалуулуктарга тарбиялоо аларда өз мекенине жана улуттук идеалдарга карата болгон умтулууларын, кызыгууларын арттырат.

Улуу педагог К.Д. Ушинский өз учурунда "окутуунун эң башкы максаты – бул адамдардын рухий жан дүйнөсүн толуктап турган ишмердүүлүктү тартуулоо" – деп айткан [8].

Андыктан, окуучуларда улуттук аң-сезимди калыптандыруу адамдын мээсинин жана рухий жан дүйнөсүнүн талыкпай эмгектенүүсүн талап кылат.

Окуучуларды улуттук аң-сезимдүүлүккө тарбиялоодо алгач, аларда улуттук маданияттын байлыктары, элдин жашоо тартиби, салт-санаалары, жүрүм-турумдун социалдык нормалары, ар бир улуттун өзгөчөлүгү, уникалдуулугу, рухий идеалдары жана баалуулуктары камтылган окутуу жараянынын бирдиктүүлүгүн, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялоочулук мүнөздөрдү калыптандыруу маанилүү болуп саналат.

Улуттук аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун мүнөзү жана мазмуну окуучулардын өзүн-өзү тарбиялоосунун максатына, милдетине дал келиши керек. Анткени, жекече ишмердүүлүктөр аркылуу жаш муундар өзүнө тиешелүү болгон натыйжалуу тажрыйбаларга ээ болушат.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Б., 1996.
2. Айтбаев А.А. Иманкожоев Т.А. Кыргыз этносунун менталитетинин өзгөчөлүктөрү жана анын өнүгүү баскычтары. – Б., 1998.
3. Минсабирова В. Н. Подготовка будущих учителей начальной школы к формированию национального самосознания учащихся. – Б.к, 2004.
4. Абдуллина О.А. Общепедагогическая подготовка учителя в системе высшего педагогического образования. – Москва, Просвещение, 1990.
5. Геллнер Э. Нации и национализм. – Москва, 1991.
6. Мухаметзянова Г.В. Проблема создания национальных систем образования Национальное образование: опыт организации, проблемы и результаты исследов. – 1994.
7. Джунусов М.С. Теоретическое и практическое значение проблемы связи личности и нации. – Б., 1974.
8. Серебрякова Ю.А. Национальное самосознание и национальная культура: Сущность, специфика, аспекты: – Москва, 1997.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Асипова Н.А.**